Кадыралиева К.
*Нарын МУ*

## МАНАС ДООРУНДАГЫ ИЛИМ-БИЛИМ, МЕДИЦИНА, АДАБИЯТ, МАДАНИЯТ, ДИПЛОМАТИЯ, СПОРТ ЖАНА БАШКАЛАР

«Манас» эпосу − өзүнө илимдер-дин бардык тармагын камтыган кыргыздын байыркы энциклопедиясы. Тарыхчылар эпостун жаралганына 1000 жылдан ашык болгону менен, андагы окуялар 2000 жылдын аралыгын камтырын далилдеп келатышат.

Демек, кыргызда 2000 жыл мурда эле калыптанган адабий тилибиз, өнүккөн илим-билимибиз, медицинабыз, архитектурабыз, дипломатиябыз, эрежелүү спортубуз, темирдей тартип сактаган аскерибиз, сабаттуу элибиз болгонун далилдеп турат жана аземдеп жасалган кийим-кече, курал-жарак, музыкалык аспаптардын сүрөттөлү-шүнөн эле кол өнөрчүлүктүн канчалык бийик деңгээлде өнүккөнүн билсек болот.

Азыр кээ бир саясатчыларыбыз бизге улуттук идеология керек, улуттук идеологияны түзүшүбүз зарыл деп жүрүшөт. Биз улуттук идеологиянын баарын “Манаста” алышыбыз керек. "Манасты" терең билүү ар бир кыргыздын патриоттук деңгээлин билдире турган индикатор болушу керек. Жогорку окуу жайларда болобу, мектептерде болобу, бала бакчаларда болобу, ар бир жаңы окуу предмети башталганда мугалим ошол илимдин дүйнөлүк тарыхын жалпы айтып келип, ал илим мындан 2000 жыл мурда эле кыргыз элинде өнүгүп тургандыгын "Манас" эпосунан мисал кылып айтып бериши керек. «Манас» эпосунда Хан Манастын түрак жайы төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

Аскери алты сан болуп
Айкөлүң Манас хан болуп,
Дубалын туюк уруптур
Туйгунуң Манас туруптур,
Төрт күлүн төрт кат уруптур
Айланасын камаган,
Албарс кылыч колго алып
Акырая караган,
Алты миң аскер дагы бар
Падышалык чоң коргон,
Каалгасы сом калай
Салтанаты бир далай,
Капка кармап турчусу
Он эки күзөт бир малай, - деп.

Бул саптарда айтып тургандай эле, Хан Манас коргондо, башкача айтканда, шаарчада жашаган. Коргондун бир канча капкасы болсо керек. Анткени кээ бир саптарда: Капкасы алтын коргондо Каныкейдин ордодо, - деп айтылат. Коргондун ичинде хандын ар бир аялынын өзүнчө ордосу болгон.

Мисалы:

Капкасы болот коргондо
Карабөрктүн ордодо деп же,
Алтындуу сарай коргондо,
Акылайдын ордодо, - деп айтылат.

Андан башка Манастын энелеринин да өз-өзүнчө ак сарайлары болгондугу эскерилет. Ошондой эле Манастын өзүнүн ордосу жөнүндө да эскерилет. Ар бир ордо инфраструктурасы шайма-шай келген бүт ыңгайлуулуктары бар өзүнчө короо болгон. Мисалы, Каныкейдин ордосунда чет өлкөлүк элчилерди кабыл алуучу жай, кенешме өткөрүүчү жайы болгон. Бул туурасында:

Капкасы алтын коргондо
Каныкейдин ордодо
Он жагында баатырдын
Отуз эки ханы бар
Сол жагында отурган
Кырк баатырдын саны бар
Астында алтын тагы бар
Башында дөөлөт багы бар, - деп айтылат. Бул жерде алты хан жиберген элчилерди кабыл алууга даярданып, кеңешчилери менен акылдашып отургандагысы чагылдырылат. Андан башка дагы Каныкейдин ордосунда банкет залы болгондугу айтылат.

Ошондой эле жайкысын күн ысыкта отуруучу чынар ортосунда алтын так деп айтылган, сыртка көчүрүп жайгаштырылган өзүнчө тагы болгон. Ал так сарайга батпагыдай көп эл менен жолугушуу өткөрө турган учурда орнотулган. Андан башка жортуулга чыкканда отуруучу бүктөмө тагы болгон. Ошондой эле ордодогу мейманкана беш сарай туурасында да айтылат. Кыргыздар чоң казатка даярданып жатканда, Каныкей энебиз чоролордун аскердик формасын эч кимге сыр алдырбай шашылыш бүтүрүш үчүн тигүүчү уздарды мейманканага беш сарайга жайгаштырып иштетет.

Мисалы:
Мейманкана беш сарай,
Бекемдиги бир далай.
Сыр ордого життирип,
Сыр алдырбай бүтүрүп.

Эми бул беш сарайды жоромолдосок:

1. Календаркана - мусапырлар, дербиштер түнөп кетүүчү жай.
2. Мейманкана - карапайым жүргүнчүлөр түнөөчү жай.
3. Кербен сарай - соодагерлер түнөөчү жай.
4. Бектер кирчү мейманкана.
5. Ордо мейманкана - (люкс) хандар жайгашчу мейманкана. Андан башка. ата-бабаларыбыз 2000 жыл мурда эле кыш бышырып, кабат-кабат үйлөрдү куруп, чоң шаарларда да жашагандыгы айтылат.

Көргөнгө сонун ушу бар,
Көгарт бою шаар.
Үйдүн үстү үй болгон
Үйгө жери карк толгон.
Там үстүндө там болгон,
Талаасында чолоо жок, - деп бул саптарда айтып тургандай, мурда эле элибиздин шаар курулушу өнүгүп, мыкты архитектура болгондугун айгинелейт.

Кыш бышыргандыгы туурасында Каныкей энебиз хан Манас о дүйнөгө сапар салганда күмбөзүн тургузууга Анжиян тараптан «Күл ботонун топурак» деген өзгөчө топурактын түрүнөн алдырып:

Күл ботонун топурак
Чоң челекке салдырып,
Күл майдамды чалдырып.
Эчкинин жүнүн септирип
Уйдун жүнүн коштуруп.
Алтымыш балбан кетмен кор
Ылайын кошо тептирип,
Жетимиш эркеч бир кырып,
Кыш бышырып бек салды, - деп айтылат.

Хан Манастын ордосунан обочороок жерде хандын эс алуучу резиденциясы да болгондугу белгилүү. Боз үйдө, негизинен, жайлоого чыкканда жашашкан. Ал эми Алтайдан кайтып, Ала-Тоого көчүп келгиче такай боз үйдө жашагандыгын дастандан билебиз. Манас доорунда Манас аскеринин түзүлүшүнүн өзгөчө шарттары болгон. Мисалы: атадан жалгыз, же артында тукуму жок болсо, аскерге алынган эмес.

Бул туурасында Чоң казатка жөнөр алдында Хан Манастын эл алдына чыгып айтып тургандагысы:

Атадан жалгыз болгонуң,
Артыңда тукум жок болсо.
Азыр кайткын үйүңө.
Атым арык дегениң,
Алым начар дегениң.
Атынам деп бөөдө өлбөй,
Эми кеткин үйүңө.
Ооруу эмес, тазаң бар,
Кары эмес, жашың бар.
Эр башына эки бээ,
Азыгыңа ала бар.

Алмамбет аскер башчы болгонго чейин кыргыз аскеринде анча деле катуу тартип болгон эмес. Ажыбай, Серекти Бакайга жиберет, ордун Алмамбетке берүү жөнүндөгү чечими менен, ошондо Бакай өзүнүн акылмандыгы менен чечимди туура кабыл алып, Ажыбай, Серекке чапан кийгизип, өзүнүн ордун Алмамбетке берет да өз батасын берген. Манас аскеринин курамы мурда элдин санына карабастан, башында уруу башчылар турган. Алмамбет аскер башчылыкка келгенден кийин, дароо эле эл эсебин алып, он башы, жүз башы, миң башыларды дайындайт. Ар бир миң башыга бирден байрак, жүз миң башындагы. бектерге бирден туу берилет. Ар бир миңдикте керней, сурнайдан турган аскердик оркестр болот. Ошентип, Алмамбет башында турган Манас аскери темирдей тартипти сактаган жана уруштук искусствону мыкты өздөштүрүшкөн.

Манас доорундагы окуу жайлар жана ал окуу жайларына окуу үчүн конкурстар болгон. Кыргыздарда чоң окуу жайы болбосо керек, бирок алыскы чет өлкөлөрдөн барып, билим алып келгендер болгон. Мисалы: С.Орозбаковдун вариантында Шууту, Кошой Багдаддан беш жыл окуп билим алышса, С.Каралаевдин вариантында Кошой, Чубак, Ажыбай, Бакайлар ар кай жактан беш-он жылдан окуп келишкен билимдүү адамдар болушкан. Эсенкан Кытайды бийлеп турганда илим-билим тармагына чоң көңүл буруп, атайын буйрук чыгарып, балдардан тандап алууга жиберет. Биринчи жылы 6000 бала жиберип, алардын алтоо эле араң конкурстан өтөт. Алардын бири Алмамбет болот. Экинчи жылы 7000 бала жиберсе, жетөө эле араң конкурстан өтөт. Алардын бири да Алмамбет болот. Ал окууда, негизинен, аскердик өнөрдү жана жамгыр жаадырганды билген ар түрдүү илимдерди, жер шарын жакшы билгенине караганда, география илимдерин окуса керек. Бул билим Тикен алп, Каражал уулу Шыпшайдар жана Агаяр мергенде да болгон. Каныкей энебиз да өтө сабаттуу болгондугу эпосто айтылат. 40 чоросу да сабаттуу болушкан. 40 чоронун ичинен Ажыбай айрыкча билимдүү болгондугу туурасында:

Аргын кандын Ажыбай окуган Ажайыптан,
Жыйырма беш жашка чыккыча.
Окуусун окуп тим жүргөн,
Жетимиш уруу тил билген.
Чалгынга салса жерчиси.
«Жер ченегич» же жерчи», - деп кыргыздар топографтарды аташчу.

Же: Артык чечен Ажыбай

Аалымдыгы дагы бар, - деп айтылат.

Бакай туурасында болсо:

Бир ооз кеби миң дилде,
Билимдүү Бакай шер ошол.

40 чоросунун ичинен Тазбаймат сабатсыз болгон. Серектин билимдүүлүгүнөн сабатсыз Тазбаймат ажалдан калат.

Манас доорундагы медицина. Азыркы аскердик талаа медицинанын үлгүлөрү мындан 2000 жылча мурда эле кыргызда болгондугун "Манас" дастаны тастыктайт. Согуштан тыныгуу учурунда жарадарларга көрсөтүлүп жаткан медициналык жардам төмөнкүчө чагылдырылат:

Жараттын оозун буушуп.
Урушка кийген тондордун.
Каткан канын жуушуп,
Соолору тынч алып
Созулуп уктап калыптыр.
Жаралуулар жаталбай.
Тоңкочуктап үшкүрүп,
Төшөгүнө баталбай. *
Колу сынып таңдырып, \
Байлап жүргөн дагы бар.
Буту сынган мунун деп, -
Теректерден табышып.
Челек кылып чабышып,
Оюп жүргөн дагы бар.

Буту сынгандар үчүн теректи челек кылып ойгону, кыязы азыркы «Елизаровдун аппаратынын» алгачкы үлгүсү болсо керек.

Кустурма берип кустуруп,
Жүрөктөгү кара кан.
«Оржемил» берип буздуруп,
Колу-буту сынганга
Мумия дары издешип.

Бул жерде «Оржемил» деген дары тромб пайда болуп калбаш үчүн уюган кандарды суюлтуучу «Гепарин» сыяктуу тромбалитиктер группасына кирген дары болсо керек. Ал эми хирургиялык операцияны «Аштарлоо» деп аташкан.

Ата-бабаларыбыз байыркы убактардан эле хирургиялык операцияларды жасап келишкендиги төмөндөгү саптарда айтылат:

Сом этинде калды деп,
Аштар алып колуна.
Тилип жаткан андан көп.
Токтогон окту аштарлап.
Тилип аткан андан көп.

Манас аскеринин аптекасы дагы болгон. Манастын туу көтөргүчү да, башкы врачы да Ажыбай болгон. Бул туурасында дастанда мындайча баяндалат:

Аргын кандын Ажыбай.
Адамдан кылдат себепкер.
Артыкча туулган табыпкер.
Ажыбайдын колунда.
Желмаяндын жонунда,
«Медет» деген дары бар.
«Себеп» деген дары бар,

«Эбеп» деген дары бар.
«Апы» деген дары бар,
«Үпү» деген дары бар.
Дарылардын баары бар - деп айтылат.

Жогорудагы саптарда айтылып тургандай, «Эбеп», «Себеп» деген дарылар ооруну басаңдатуучу «Морфий», «Промедол» сыяктуу медицинада колдонулуучу наркотикалык анальгетиктер болгон. Ал эми «Медет» деген дары кан токтотуучу дары экендиги Көкчө согушта жарадар болуп кансырап жатканда айтылат.

Ал эми «Апы», «Үпү» деген дарылар кан басымды көтөрүп, тонус берип, күч-кубат кошуучу дарылар болсо керек. Медицина илимин ата-бабаларыбыз илгертен эле аздектеп, өнүктүрүп келишкени «Манас» эпосу аркылуу бизге жетип олтурат.

Кыргыз трансплантация илими «Манаста». Трансплантация - латынча – ташыйм, көчүрөм - органдарды же ткандарды көчүрүп жалгаштыруу. Трансплантациянын төрт түрү болгон.

1. Аутотрансплантация - бир эле орга-низидин ичинде, б.а., өз органын өзүнө көчүрүп жалгаштыру.
2. Гомотрансплантация - бир адамдын органын (донор) экинчи бир муктаж болгон адамга (рецпиент) көчүрүп жалгаштыруу.
3. Гетеротрансплантация - ар башка түрдөгү, бир тукумдагы организмдердин ортосунда көчүрүп жалгаштыруу.
4. Ксенотрансплантация - ар башка түрдөгү, тукумдагы, отряддагы организмдердин ортосундагы көчүрүп жалгаштыруу, б.а., адамдарга айбанаттардын органын көчүрүп жалгаштыруу. Албетте, көчүрүп жалгаштыруунун эң татаалы. көп илим-билим талап кылганы - ксенотрансплантация. Эми ошол ксенотрансплантацияны мындан 2000 жыл мурда эле биздин ата-бабаларыбыз жасап келгендиги «Манас» эпосунун «Сейтек» бөлүмүндө эскерилет. Канчоро менен Кыяз чыккынчылык келишим түзүшүп, бийлик төңкөрүшүн жасаганда, Семетей кайып болуп кетип, Күлчоро согушта туткунга түшүп калып, кечири кесилип, кул болуп Кыяздын энчисине тиет. Кийин Сейтек эр жетип, кайрадан төңкөрүш жасап мыйзамдуу бийликке келгенден кийин Күлчорону ар тараптан мыкты дарыгерлерди алдырып болушунча дарылатып көрөт, бирок эч бир айла болбойт, ошондо Айчүрөк Семетейдин аскердик врачы Момунжанга жана Кашкардагы Токтосартка кат жиберет. Күлчорону дарылап, ириң толуп кабылдап кеткен жарааттарын таптаза айыктырып, иттин кечирин Күлчорого көчүрүп жалгаштырышат. Ошону менен Күлчоро айыгып кетет.

Бул, балким, адамзат тарыхындагы биринчи трансплантация болсо керек. Ошентип, ата-бабаларыбыз 1000 жыл мурда эле дипломатиялык байланыштарды аздектешип, чет өлкөлүк делегацияны азыркы өнүккөн деп аталган өлкөлөрдүн деңгээлинде тосушкан. Манастын доорунда мада-ният өнүккөн. Симфониялык оркестр бул – үйлөмө, урма жана кылдуу музыкалык аспаптардын коштоосунда уюшулган оркестр. Европада 18-кылымдын ортосунда пайда болгон. Биздин "Манас" эпосубуз тастыктап тургандай, кыргыз эли 2000 жылдан ашык убакыт мурда эле Манас атабыздын доорунда симфониялык оркестрдин коштоосунда музыканы угуп рахат алышкан экен. Манас доорунда кыргыз элинде эки түрдүү оркестр болгон. Биринчиси - аскердик оркестр, ал, негизинен, керней, сурнай, добулбас сыяктуу музыкалык аспаптардын коштоосунда, согуш учурунда чабуулга жөнөгөндө, жортуулга аттанганда, аш-тойлордо, жар чакырганда, спорттук мелдештердин алдында аткарылган. Экинчиси - симфониялык оркестр урма, щйлёмё, кылдуу аспаптардын коштоосунда аткарылган музыкалык чыгарма. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манас атабыз Каныкей энебизге күйөөлөп барганда, симфониялык оркестрдин коштоосунда чоң шаан-шөкөт менен баргандыгы айтылат. Эпосто байыркы кыргыз сүрөт искусствосунун өнүккөнүн

Айкөл Манас о дүйнө салганда Каныкей энебиз күмбөз салдырып, күмбөздүн бооруна Манас баштаган чоролордун сүрөттөрүн тарттырат. Манас доорунда спорт да өнүккөн. Эпосто улуттук спорттун ат чабыш, эр сайыш, балбан күрөш, жамбы атыштын эки түрү: жаа жана мылтык атуу, эр эңиш, ордо чатыраш, тогуз коргоол, калмак алышмай, көк бөрү ж.б. оюндарды айтсак болот. Манас доорунда өнөр жай ишканалары: Мисалы Каныкей энебиздин аскердик кийимдерди тигүүчү фабрикасы жана токарь уста Бөлөкбайдын курал-жарак жасоочу цехи же чакан заводу жөнүндө айтылат. Ошондой эле кен казып иштөө да жолго коюлган. Дыйканчылык менен да алектенишип келишкен. Манас доорундагы эсеп-кысаптын да болгондугун билебиз. Манас доорунда кыргыздар миллиардга чейин санашканын көрөбүз. Он миңди - түмөн, жүз миңди - илек, миллионду - он жүз миң, же он илек, миллиардды - милек деп аташкан. Парктар менен зоопарктар Ажайыпканалар деп аталган. Эпосто экзотикалык жаныбарларды кармаган Алооке хан менен кыргыз Көкөтөй хандын ажайыпканасы кеъири сүрөттөлөт. Ошондой эле Манастын гүл багы болгондугун айтсак болот.

Адабиттар:

1. Орозбаков С. «Манас» эпосу.
2. Жекшалаев К., Каралаев С. «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосу. Манастаануу. - Б.: Турар, 2011.